# Жаш адис менен иштөө

## Насааатчылыкты уюштуруу

**Насаатчылык** –педогогикалык тажрыйба менен бөлүшүүнүн бир формасы болуп саналат, анын жүрүшүндө ишмердигин жаңы башталган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педогогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрөт.

**Насаатчылыкты уюштуруу** – бул жаш адистин кесиптик калыптанышы жана өнүгүшү үчүн тажрыйбалуу педагогдун жеке окутуусунун жана тарбия берүүсүнүн формасы.

**Насаатчылар кеңешинин функциялары**.

1. Насаатчыларга коюлуучу бирдиктүү талаптарды иштеп чыгуу.
2. Насаатчылык тажрыйбасын жалпылоо жана жамааттык баа берүү.
3. Насаатчылардын кесиптик даярдыгын жогорулатууну уюштуруу.
4. Насаатчылыктын натыйжалуулугу, усулдук ишлтелмелерди жана сунуштарды даярдоо менен байланышкан көйгөйлөрдү изилдөө.

**Насаатчылар кеңешинин милдеттери**.

1. Насаатчылар резервин тандоого жана жаратууга катышуу
2. Насаатчыларга усулдук жана практикалык жардам көрсөтүү.
3. Насаатчылардын алдыңкы иш тажрыйбасын изилдөө, жалпылоо жана жайылтуу.
4. Чогулуштарда насаатчылардын жана жаш адистердин аткарган иштери жөнүндөгү отчетторду угуу.

**Насаатчылык** - ишмердигин жаны баштаган же колдоого муктаж педагог усулдук ыкмаларды устат педагогдун жетекчилигинин алдында иш жүзүндө өздөштүрүү.
**Жаш адис** – бул тийиштуу үч жылдан аз убакыт иштеген адис

# Жаш адис менен иштөө планы

| № | Иштелүүчү иштин мазмуну | мөөнөтү | Ким аткарат |
|---|---|---|---|
| 1 | 1.Жаш адистин мектепке иштөө планы менен тааныштыруу жана план түзүү<br>2. Предметтик программа менен тааныштыруу | сентябрь | насаатчы |
| 2 | Класстык журналдарды толтуруу, чейректик бааларды коюнун жолдорун үйрөтүү | октябрь | насаатчы |
| 3 | Окутуунун усулдары жөнүндө жалпы маалымат берүү | Жыл бою | насаатчы |
| 4 | Жаш адисти мектептеги семинарларга катыштыруу | План менен | Окуу завучу насаатчы |
| 5 | Жаш адистин сабакка катышуу графигин түзүү анын аткарылышын көзөмөлдөө | Жыл бою | насаатчы |
| 6 | Жаш адистин сабак өтүүсүнө методикалык жардам көрсөтүү, сабактын максатын коюуга анализ берүүгө үйрөтүү | Жыл бою | насаатчы |
| 7 | Ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иш чараларды көрсөтмөлүү өтүүгө үйрөтүү | Жыл бою | насаатчы |

## Мугалимдин профессиограммасы (профессияга ылайык сапаттардын тизмеси)

Мугалимдин профессиограммасы XX кылымда 20-30-жылдарынды кийинчерээк 80-жылддарда изилдешкен. Профессиограмманын негизги ордун интеллектуалдык-эрк жана эмоционалдык баалоо системасы ээлейт.

Мугалимдин профессиограммасына ден соолугу, мүнөзү, эрки, ыктыярдуулугу, предметти жакшы билүүсү, уюштургуч, окутуунун методикасын жана методдорун билүү, педагогикалык чеберчилик, окуунун жаңы тарбиялык психологиялык негизин билүү, классты түшүнүү, балага жакшы мамиле кылуу, өзүн алып жүрүү, ишин сүйүү, так, чынчыл, адилет, үлгү болуу, өз билимин өркүндөтүү, чыгармачылык менен иштөө, көбүнчө уюштуру, башкара, пландай, прогноз түзө билүүгө көңүл бурулган.

## Мугалимдин инсандык-профессионалдык сапаты.

Профессионалдык билиминин мазмунун кесиптик предметтин билиминин өлчөмү, анын методикасы, педагогикасы, психологиясы түзөт.

Профессионалдык билимдин өзгөчөлүктөрү комплекстүлүгү, жалпылуулугу, жеке инсандык таасирдүүлүгү.

Профессионалдык билимдин негизинде педагогикалык аң сезим калыптанат.

Профессионалдык билим бир эле учурда бардык деңгээлде калыптанышы зарыл: методологиялык, теориялык, методикалык жана технологиялык.

**Мугалим эки позиция** менен иш аракетте болот.

1. Социалдык позиция – адамдын көз карашы, ишенүүсү жана баалуулук.

2. Профессионалдык позиция – кесипке болгон мамиле, педагогикалык максат жана иш аракет.

Педагогикалык ишке кызыгуу, милдетти жана жоопкерчиликти сезүү, этиканы (жүрүш-турушту) сактоо, өзүн алып жүрүү зарыл.

***Позиция*** – маселени чечүүдө аягына чейин колдонулуучу ыкма, жол, өзү бекем ишенген көз караште туруу, изден тайбагандык

## Өз ара мамиленин типтери.

1. Туура, педагогикалык эффективдүү өз ара мамиле.
2. Оң нейралдуу өз ара мамиле
3. Карама- каршы өз ара мамиле
4. Пассивдүү өз ара мамиле
5. Ачык терс өз ара мамиле

Педагогикалык жөндөмдүүлүк динамикалык мүнөздө болуу менен мугалимдин тынымсыз өз үстүндө иштөөнү, изденүүнү талап кылат.

## Мугалимдин стили

1. Таанып билүү стили : башкаруу, жетектөө, иш-аракет.
2. Авторитардык стили: указ, буйрук, жолдонмо, инструкция
3. Демократиялык стили: балдардын оюн, түшүнүгүн угуу, колдоо, сыйлоо, урматтоо, балдардын түшүнүгүн жактыруу, активдүүлүгүн, демилгесин колдоо, жактоо, кеңеш, сыйлоо, мактоо, сурануу.
4. Либералдык стили: мугалим окуучулардын ишине кийлигишпейт, көрмөксөн болот.

## Мугалимге коюлган талаптар

**1.Коом мугалимдин, мектептин алдында төмөнкүдөй конкреттүү маселелерди чечүүнү, ишке ашырууну талабы төмөнкүлөр:**
- Окуучуларды маалыматтардын системасы менен куралдандыруу;
- Адептүүлүк түшүнүктөрдүн өздөштүрүлүшүн камсыздоо;
-Жүрүш-туруш, ыктарын, машыгуулардын калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүгүн үйрөтүү;
- Ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо;
- Окуучуларды келечек турмушка, кесипке даярдоо.

**2. Мугалимге мектеп тарабынан коюлган талаптары:**
- Социалдык милдетти жогору сезген;
- Моралдык жактан таза, эң жогорку интеллектуалдуу;
-Жалпы, терең билимдүү, түрдүү илимдин тармагы менен сугарылган;
- Курак, педагогикалык, социалдык психология, педагогика, курак физиология жана мектеп гигиенасы сабактарын жакшы билүү;
- Өз предмети боюнча фундаменталдуу илимге ээ болгон;
- Тарбиялоонун, окутуунун методикасын, технологиясын билүү;
- Өз кесибин сүйгөн жана ал сүйүүсүн окуучуларга бере алган;
- Ишке чыгармачыл мамиле жасаган;
- Окуучулардын ички дүйнөсүн түшүнө билген, педагогикалык оптимизм касиетине ээ болгон;
- **Педагогикалык техникага**(логикалык ойлоо, кепке, карым-катнашка) ээ болуу зарыл.

## Мугалимдин фунциялары

1. **<u>Маалымат берүүчү функция</u>** – бул функция аркылуу кабыл алуу, жаңы билимдерди өздөштүрүү процессии ишке ашат. Андан тышкары профессионалдык билим, ык, машыгуулардын суммасы иретке келет.
2. **<u>Проблемалуу функция</u>** – негизинен бул функция аркылуу теориялык билимдерди практикалык ык, машыгууларга айландыруу процессии чечилет.
3. **<u>Жүрүш-туруш функциясы</u>** – туура чечим кабыл алууга бир атайын жагдай үчүн программалык кыймыл аракет түзүүгө жана анын чыгармачылык маанисин толук чагылдырууга өбөлгө түзөт.
4. **<u>Баа берүүчү функция</u>** аркылуу жүрүш-туруштун программасынын оптималдуу чечимин тандаса болот.

Функциялар бири-бири менен тыгыз байланышта гана болгондо оптималдуу мааниге ээ болот.

<u>Мугалимдин педагогдук ишинин принциптери</u>

**1. Кызматташтык принциби** – принциптин маанисин туура ачыш үчүн негизги акцентти маалымат берүү окутуудан методикалык окутууга буруу керек. Таанып билүү, илимий, уюштуруучу жана тарбиялоочу ишмердүүлүктүн методологиясын өздөштүрүү керек.
2. **Өздөштүрүү принциби -** бул принциптин негизинде катышуучулардын эмоционалдык интеллектуалдык аброюн башкаруу процесси жатат. Мугалим окуучулардын жеке кызыкчылыгын, даярдык деңгээлин эске алуу менен иш алып барышы керек.
**3. Баа берүү жагы бирдей болуу принциби -** окуу процессии оптималдуу болуш үчүн алып баруучу катышуучулар тарабынан айтылган пикирларга кылдаттык менен мамиле жасашы керек. Окуучулар менен биргелешип иштөөсүнө көңүл буруп жана алардын деңгээлин, кызыкчылыгын өстүрүүгө өбөлгө түзүү – бул принциптин негизги максаты.
4. **Сөзсүз түрүндө аткаруу принциби** – педагогикалык максатын көздөп, кээ бир күтүлбөгөн өзгөрүүлөрдү иш билүү менен алып барышы керек. Негизги максатын чечүүгө мажбурлап турушу зарыл.
5. **Оюн типтеги (мажорлук) принциби** – тамашалуу, оюн жагдайлары, женген камодага сыйлык берүү аземи ж.б.у.с. ыкмалар ар бир окуучунун потенциалдык мүмкүнчүлүгүн ачууга жардам берет.

## Өз ара мамиленин типтери.

1. Туура, педагогикалык эффективдүү өз ара мамиле.
2. Оң нейралдуу өз ара мамиле
3. Карама- каршы өз ара мамиле
4. Пассивдүү өз ара мамиле
5. Ачык терс өз ара мамиле

Педагогикалык жөндөмдүүлүк динамикалык мүнөздө болуу менен мугалимдин тынымсыз өз үстүндө иштөөнү, изденүүнү талап кылат.

## Мугалимдин стили

1. Таанып билүү стили : башкаруу, жетектөө, иш-аракет.
2. Авторитардык стили: указ, буйрук, жолдонмо, инструкция
3. Демократиялык стили: балдардын оюн, түшүнүгүн угуу, колдоо, сыйлоо, урматтоо, балдардын түшүнүгүн жактыруу, активдүүлүгүн, демилгесин колдоо, жактоо, кеңеш, сыйлоо, мактоо, сурануу.
4. Либералдык стили: мугалим окуучулардын ишине кийлигишпейт, көрмөксөн болот.

## Мугалимге коюлган талаптар

**1.Коом мугалимдин, мектептин алдында төмөнкүдөй конкреттүү маселелерди чечүүнү, ишке ашырууну талабы төмөнкүлөр:**
- Окуучуларды маалыматтардын системасы менен куралдандыруу;
- Адептүүлүк түшүнүктөрдүн өздөштүрүлүшүн камсыздоо;
-Жүрүш-туруш, ыктарын, машыгуулардын калыптануусунун мыйзам ченемдүүлүгүн үйрөтүү;
- Ар тараптан өнүккөн инсанды тарбиялоо;
- Окуучуларды келечек турмушка, кесипке даярдоо.

**2. Мугалимге мектеп тарабынан коюлган талаптары:**
- Социалдык милдетти жогору сезген;
- Моралдык жактан таза, эң жогорку интеллектуалдуу;
-Жалпы, терең билимдүү, түрдүү илимдин тармагы менен сугарылган;
- Курак, педагогикалык, социалдык психология, педагогика, курак физиология жана мектеп гигиенасы сабактарын жакшы билүү;
- Өз предмети боюнча фундаменталдуу илимге ээ болгон;
- Тарбиялоонун, окутуунун методикасын, технологиясын билүү;
- Өз кесибин сүйгөн жана ал сүйүүсүн окуучуларга бере алган;
- Ишке чыгармачыл мамиле жасаган;
- Окуучулардын ички дүйнөсүн түшүнө билген, педагогикалык оптимизм касиетине ээ болгон;
- **Педагогикалык техникага**(логикалык ойлоо, кепке, карым-катнашка) ээ болуу зарыл.

Кыргызстанда жалпы билим берүүчү мектептердин саны 2204 анын ичинен лицейлердин саны – 48, гимназиянын саны – 113, сабактарды тереңдеп окуткан мектептер – 406, интернаттар – 59, жаңы салынган мектептер – 96 ж.б.


Кыргыз республикасында окуучулардын саны 1 млн 200 миң бар.
Мугалимдердин саны 74 миң, ал эми жетпейт 1 миң мугалим.

**Мугалимдин сапаттары**


1. Уюшкандык
2. Тартиптүүлүк
3. Эмгекчилдик
4. Тыкандык
5. Сылыктык
6. Жөнөкөйлүк
7. Мээримдүүлүк
8. Адилеттик
9. Талапкердик
10. Предметин билүүсү
11. Түшүндүрүүсү
12. Окута билүү
13. Сезгич
14. Ак ниеттүү
15. Адептик тазалыгы
16. Окуучуларга ишеними
17. Жүрүм-туруму
18. Авторитети (кадыр-баркы)
19. Кечиримдүүлүк
20. Чыдамкайлык

Мектептердин түрү


1. Жалпы мектеп
2. Гимназия мектеби
3. Лицей мектеп
4. Проф. мектеп
5. Автордук мектеп
6. Эксперименталдык мектеп
7. Жеке мектеп
8. Комплекс мектеп
9. Зээндүү балдар мектеп
10. Интернат мектеп
11. Атайын мектеп
12. Пилоттук мектеп




Инсандын алдыга койгон максаты, иш-аракети, керектөөсү (эмне керек? – материалдык, интеллектуалдык, коомдук), кызыкчылыгы бир нерсеге болгон өзгөчө мамилеси, (материальный, общественный, духовный), билими, билүүсү, жекече-типтик өзгөчөлүгү (ал темперамент, мүнөз, жөндөмдүүлүк).


Окуу программасы
Аныктоочу бөлүк
Негизги бөлүк
Жыйынтыктоочу бөлүк


Окуу программасы төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат
Аныктоочу бөлүк
Негизги бөлүк
Жыйынтыктоочу бөлүк
Бул бөлүктө предметтин багыты, анын маселелери, жалпы программанын түзүлүшү жана ошондой эле методикалык ыкмалары көрсөтүлөт.
Бул бөлүктө материалдарынын мезгилдик бөлүнүштөрү жана ар бир бөлүккө тиешелүү болгон убакыт берилет.
Бул бөлүктө колдонулуучу методикалык көрсөтмөлөр, каражаттар жана башка кошумча материалдар көрсөтүлөт.


Окуу программасы
Аныктоочу бөлүк
Негизги бөлүк
Жыйынтыктоочу бөлүк


Окуу программасы төмөндөгүдөй бөлүктөрдөн турат
Аныктоочу бөлүк
Негизги бөлүк
Жыйынтыктоочу бөлүк
Бул бөлүктө предметтин багыты, анын маселелери, жалпы программанын түзүлүшү жана ошондой эле методикалык ыкмалары көрсөтүлөт.
Бул бөлүктө материалдарынын мезгилдик бөлүнүштөрү жана ар бир бөлүккө тиешелүү болгон убакыт берилет.
Бул бөлүктө колдонулуучу методикалык көрсөтмөлөр, каражаттар жана башка кошумча материалдар көрсөтүлөт.